# Уландын туулган күнү




Автор: Наргиса Карасартова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

# Уландын туулган күнү

Автор: Наргиса Карасартова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Уландын туулган күнү» (кыргыз тилинде), автор Наргиса Карасартова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Эльдар Есиналинов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Менин атым – Темирлан жана менин Улан деген классташ досум  бар. Мен ага конокко көп барам. Биз көбүнчө лего оюнун ойнойбуз. Бирок ошол күнү мен өзгөчө, эсте каларлык бир нерсени кааладым.

– Сенин батириң эриктирме! Эриктим! Кел, кызыктуу бир нерсени ойлоп табабыз! – дедим мен.

– Кел анда, мен компьютерди ачайын, мүмкүн супер баатырлар тууралуу фильм көрөрбүз.

– Кинону мен үйдөн деле көрсөм болот. Мен көңүлдүү бир нерсени каалап турам. Эмне үчүн бүгүн сенин туулган күнүң десек болбойт?!

– Менин туулган күнүм кышында эмес, жайында, августтун жыйырмасы.

– Кел, бүгүнкү күндү сенин туулган күнүң кылабыз. Сен өзүң айтпадың беле, ата-энем шаарга кетишкен, бүгүн келбейт деп… Кел, бүгүн сенин туулган күнүң деп ойлойбуз дагы ошону белгилейбиз!

– Кантип болсун! – деп адегенде таң калды, анан ойлонуп макул

олду, – Эмне экен! Жакшы идея!  Бирок, бизге конокко ким келет?

– Ватсапта классташтардын тайпасы бар да. Баарын майрамга чакырабыз.  Дарегиңди жаз, ким келе алса келет.

– Биз анда үстөлдү жасалгалайлы! – деди Улан билдирүүнү жөнөтүп коюп.



Экөөбүз ашкана бөлмөгө кирдик да, муздаткычты ачтык. Тоӊдургучунда эт бар экен, бирок чийки эттен эч нерсе жасай алмак эмеспиз. Жумуртка же картошка эле кууруй алышыбыз мүмкүн. Муздаткычтын текчесинен үч кичине чыныда карагат кыямы жана бал куюлган эки чыныны  көрдүк.


Чоӊ бөлмөгө кайтып келип, узун жана кенен үстөлгө тасмал жаздык. Ага үч кичине чыныдагы карагат кыямын жана бал куюлган эки чыныны койдук.

– Эмне, үйдө мындан башка эч нерсе жок бекен? – деп таӊ кала сурадым мен.

Улан эмне кыларын билбей желкесин кашып туруп калды да, анан мындай деп кубанычтуу кыйкырып жиберди.

– Бар, азыр, токтой тур!





Башка бөлмөгө кирди да, Улан чоң карападагы бир кучак жасалма роза гүлүн көтөрүп келди, аны, үстөлдүн ортосуна салтанаттуу түрдө койду.

– Кооз бекен?

Ал өзүнүн бул табылгасына ыраазы болуп турду.

– Ооба, гүлдүн болгону жакшы иш. Бирок, дагы бир нерсе жетишпей турат...

Ошондо Уландын үйүнө жакын жерде жүгөрү таякчаларын жасап саткан цех бар экенин эстей калдым.

– Укчу, сенин акчаң барбы?

– Ооба, ата-энем бир аз акча калтырып кетишкен.

– Акчаңды жана чоң баштык алгын!

Биз тезинен кийимибизди кийдик да, жүгөрү таякчаларын алыш үчүн жүгүрүп жөнөдүк. Андан чоң баштыкка толтура алдык. Үйгө келдик да, апаларыбыз конок келерде үстөл үстүнө боорсокту чачып койгондой, муну дагы жайнатып чачып койдук.



Карапада чоң жасалма роза гүлү, үч кичине чыныда карагат кыямы жана бал куюлган эки чыны, жайнаган жүгөрү таякчалары, ушулардан үстөл үстү көрүнбөй калды. Бизге үстөл үстү абдан сонун жасалгалангандай эле көрүндү. Эми коноктордун келишин чыдамсыздык менен күтүп калдык. Алар деле бизди күттүргөн жок. Жыйырма классташыбыз бир жерден  жолугушуптур да, чогуу келип калышты. Топурап, бака-шака болуп, бөлмөгө кирип келишти. Ирина кубануу менен Уланга дубал саатты сунду, а Анвар болсо – картина берди. Биз экөөбүз өзүбүздү ушунчалык бактылуу сезип жатып, бүгүнкү туулган күн чыныгы эмес, ойдон чыгарылганын да таптакыр унутуп таштадык.

– Биз үстөлдү жакшы коозододук!

– А эмне тамак жасадыңар: палообу, дымдамабы, мантыбы? – деп сурады Анвар.


– Киргиле, көрөсүңөр, – дедим мен, бирок анын суроосунан бир аз тайсалдай түштүм.

Балдар менен кыздар чоң бөлмөгө кириšти да, биз «жасалгалаган» үстөл үстүнө таң калуу менен карап калышты. Байкашымча, алар мындайды эч качан күшүшпөсө керек. Анвар катуу ачууланды.

– Биз эмне, мына бул гүлдү жейбизби? Бизди эмне ушул жасалма роза гүлүн жеш үчүн чакырдыңабы?

Баары күлүп жиберишти, Улан экөөбүздүн да күлкүбүз келип кетти, а эми эле биздин «толтура» жасалгаланган үстөлүбүз жакшы көрүнүп жатпады беле…

Бактыга жараша, досумдун интернети бар эле. Биз музыка каналын ачтык да, музыка уктук, ырдадык жана жүгөрү таякчаларын лапылдатып жеп кирдик.





Бир канча убакыттан кийин мага Алина келди да, кулагыма шыбырады.

– Чын эле бүгүн Уландын туулган күнү беле?

– Жок, биз мунун баарын оюбуздан эле чыгардык.

– Кантип?

– А сен эмне, келгениңе өкүнүп жатасыңбы?

– Жок, сен эмне! Абдан сонун көңүлдүү болуп жатат!



Үч сааттан кийин коноктор жакшы маанайда үйлөрүнө тарашты. Жүгөрү таякчалары бөлмөдө көрүнгөн жерде чачылып жатты.

– Кой, эми бөлмөнү жыйнайлы! – деди Улан, – Менин туулган күнүм сонун өттү ээ…? Чынбы?

– Ооба, – деп ырастадым мен.

– А саат менен картинаны мен эртең биздин класска алып барып, дубалга илип коём. Ойдон чыгырган туулган күнүмдө чыныгы белектерди кантип уялбай алам.

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Наргиса Карасартова

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - **3.2 деңгээли**
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли